# 1. Киришүү

- Билим берүү уюмун (мындан ары-БУ) түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн кыскача тарыхы:

Жоробек Абдрасулов атындагы орто мектеби Жазы өрөөнүндөгү эң алгачкы уюштурулган мектептердин бири болгон.
Мектепке окуучулар Жазы өрөөнүндөгү Кызыл-Тоо, Заргер, Токтогул, Кара-Дыйкан, Жээренчи айылдарынан келип окушкан. 1924-жылы кат сабатсыздыкты жоюу максатында башталгыч класстарды окутуп, кийин 7 жылдык мектеп болуп ачылып, кыргыз тилинде сабак өтүлө баштаган. 1924-жылдын 1937-жылга чейин Абдыкадыр Орозбековдун ысымын алып жүргөн. А.Орозбеков репрессияга кабылып атылып кеткенден кийин Кызыл-Дыйкан орто мектеби болгон.

1974-жылы Кызыл-Дыйкан айылына 540 орундуу жаны типтеги, үч кабаттуу мектептин курулушу башталып, 1976-жылы ишке берилген. Ошол мезгилде мектепти Ленин орденинин ээси Акматаалы Абдыкеримов жетектеген. Ошол мезгилде мектеп эң жакшы жетишкендиктери үчүн союздун өтмө Кызыл Туусу менен сыйланган. 1988-жылга чейин Кызыл-Дыйкан орто мектеби болуп, 1988-жылдан баштап ушул өрөөндөн чыккан партиялык-советтик ишмер Жоробек Абдрасуловдун аты ыйгарылган .

Азыркы кезде мектепте 42 мугалим 672 окуучуга татыктуу билим, тарбия беришүүдө.

Мектептин жалпы аянты: 25600 кв.м., окуу корпусунун аянты: 3814 кв.м.

Мектеп райондун борборунан 13 км алыстыкта жайгашкан.
Мектептин уставы биринчи жолу юридикалык каттоодон 2012-жылдын 2-февралында өткөн. Каттоо номери 120746-3306-М-е. Кайра каттоодон 2022-жылдын 5 -апрелинде өткөн. Каттоо номери: 120746-3306 -М-е

- **Мектептин миссиясы:**

Коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү руханий дүйнөсү бай, элдик маданиятты сүйгөн, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу.

- Билим берүү уюмунун жетекчисинин, анын орун басарларынын, аккредитациялоого жооптуу адамдардын аты-жөнү жана алардын байланыш маалыматтары (телефондору жана e-mail);

БУнун жетекчиси:

Кадыров Амангелди Исмаилович, тел.: (0771)10-86-81, e-mail: amangeldikadyrov9@gmail.com

БУнун окуу бөлүмүнүн башчысы: Тургунбаева Сайрагүл Ашимовна, тел.: (0778) 406825, e-mail: sayra18051987@gmail.com

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Чырмашова Нурийла Мамановна, тел.: (0703) 760796, e-mail:nurilacyrmasova@gmail.com

Соцпедагог: Алибаева Акман , тел.: (0776) 271074, e-mail:akinaialibaeva@gmail.com

Чарба жетекчиси: Токтосунов Муктарали, тел.: (0779) 763095,

“Интеграл” усулдук бирикмесинин жетекчиси: Акимова Өмүргүл Токтосуновна, тел.:(0222) 756301 e-mail: toktosunomur@gmail.com

Табигый илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси: Жумабаева Гулнара, тел.:(0776) 631339, e-mail: gzumabaeva328@gmail.com